# АДАПТАЦИЯ ПРОЦЕССИНДЕГИ КЫЙЫНЧЫЛЫКТАР ЖАНА МУГАЛИМДИН ПРОФЕССИОНАЛ КАТАРЫ ТАКШАЛУУ ИСКУССТВОСУ

**ЖАПАРОВА К.Б.**
**biblionsu@rambler.ru**

*Бул макалада жаш педагогдун ишинин башталышындагы ага таасир этүүчү жагдайлар, алардын педагогго тийгизген таасири жана педагогдун профессионал катары калыптануусунун көрсөткүчтөрү каралат.*

*В данной статье рассматриваются ситуации, влияюңие на педагога в начальной стадии деятельности и показатели становления педагога как профессионала.*

*This article deals with the situations influencing a teacher at the fundamental stage of teaching activity and the indicators of forming a teacher as a professional.*

Жаш мугалимдин адаптацияланышынын биринчи этабы болуп коллектив менен таанышуу эсептелет. Педагог мектепти иш орду катары гана карабастан экинчи үйү катары да кабылалат. Бул жерден ал мурда түзүлүп жана калыптанып калган мамилелердин ичинен өз ордун табышы керек. Мектептердеги мугалимдердин коллективиндеги мамилелер жаш мугалимге таасир берүүчү негизги факторлордун бири болуп саналат. Аны коллектив кандай кабыл алат? Аралашып кетүүсүнө өбөлгө түзөбү? Ушул сыяктуу суроолор ар бир жаш мугалимди тынчсыздандырат. Так ошол таанышуу этабында пайда болгон кыйынчылыктарды жеңе билүүсүнөн анын андан аркы коллектив менен болгон мамилеси көз каранды болот. Эгерде коллектив тарабынан абдан жылуу жана жагымдуу мамиле болбосо бул коллектив жаш мугалимди такыр эле кабыл албайт деп айтуу туура эмес. Кээде абдан жакшы тосуп алышат, бирок бул чын дилден болгон мамиле болуп чыкпашы да толук мүмкүн. Жаш мугалимдин коллегалары аны мурдатан билишпейт жана ошондуктан жөн гана ага көз салып турууну туура көрүшөт. Коллективге кошулуп кетүү анча деле оор эмес, жөн гана адам өзү кандай болсо ошондой бойдон кала берүүсү зарыл, эч кандай жасалмалуулуктун кажети жок.

Коом менен индивиддин ортосундагы тең салмактуулук үчүн эки жактуу каалоо талап кылынат. Бирөөнүн талаптарына толугу менен түздөнүүнүн муктаждыгы жок, бири-биринин талаптарына эки жак тең көнүүсү зарыл. Бул улуу же тажрыйбалуу мугалимдер үчүн эң керектүү кеңеш, алар жөн гана окуучуларга билим бербестен жаш мугалимдерге да жол көрсөтүүчү – устат катары иш алып баруулары талапка ылайык. Тажрыйбалуу мугалимдер көпчүлүк убактарда жөн гана жаш мугалимге көз салып, кандай кылаар экен деп гана карап турушат, бирок алардын активдүү позицияны ээлөөсү билим берүү системасына чоң салым катары каралат эле.

Ишине эмоционалдык эмес мамиле кылууну адатта жаш мугалим негативдүү кабыл алат. Анткени ал өзүнө ишенбеген, көп нерсени билбеген жаш мугалим да. Ушундай учурда жаш мугалимге реалдуу тажрыйбасы бар улуу мугалимдердин кеңеши эң негизгилердин бири болуп саналат. Анткени өз тажрыйбасына таянып улуу мугалим билим берүү процессиндеги кайсы бир жагдайларды туура же туура эмес деп баа берүүгө мүмкүнчүлүгү жетиштүү. Жаш мугалим жөн гана реакцияга муктаж, ал сөзсүз эле мактоо эмес, конструктивдүү сын да болушу мүмкүн. Андан сырткары айтылган кеңештер жана көрсөтмөлөр да чоң мааниге ээ. Ошол эле мезгилде эгерде жаш мугалимге абдан көп коюлган сындар, ченемдер, текшерүүлөр анын толук кандуу ачылышына тоскоол да болушу мүмкүн.

Жаш коллегаларына жол көрсөтүү менен бирге эле тажрыйбалуу мугалим өзү да жаш мугалимден көп нерсени үйрөнө алаарын унутпашы керек. Энтузиазм, жаштык, сулуулук, ойдун тунуктугу – ушул сапаттар жаш мугалимди мектеп коллективи үчүн кызыктуу кылган сапаттар болуп саналат. Мектеп коллективи мурдатан бери келе жаткан кээ бир стереотиптердин ордуна жаңы ойлор келсе позитивдүү өзгөрүүлөр болоорун да эстен чыгарбашы керек. Ушундай жагдайда жаш мугалимдин жаңы ойлору жогору бааланышы талапка ылайык. Мугалимдин эң негизги милдети – тигил же бул курстун программасын гана аткарбастан, окуучуларга тарбия берүү болуп саналат.

Өзү окута турган окуучулар менен таанышуу – жаш мугалимдин адаптациялануусундагы экинчи этап. Педагог канча ирээт жаш мугалимге арналган көрсөтмөлөрдү окуп чыкса дагы ал өзүнүн чыныгы, формалдуу эмес функцияларын жана милдеттерин билбеши мүмкүн. Көрсөтмө «эмне кылуу керек?» деген суроого кеңеш бериши мүмкүн бирок, «кантип?» деген суроого жооп бербейт. Көрсөтмөдө окуучулар жалпысынан каралат, ал эми педагог ар бир окуучуга өзүнчө, инсан катары карашы абзел. Окуучулар менен иштөөдө туура тил табыша билүү мугалимдин ишмердүүлүгүндөгү эң башкы нерсе.

Класска биринчи жолу кирүү жаш мугалим үчүн чоң сыноодой туюлат, анткени ал класстагы окуучулар менен тааныш эмес, алар кандай мамиле кылышат, тажрыйбасыз, жаш мугалим окуучулардын алдында эч нерсе кыла албачудай сезилет. Бирок педагог класстагы балдарды өз баласындай кабыл алып, бул менин классым, мен буларга билим беришим керек деген ой менен кирүүсү зарыл. Ошондо гана балдар менен тил табышып, андан аркы иш алып баруусуна жакшы өбөлгө түзүлөөрү анык. Эң башкысы жаш мугалим биринчи эле күндөн баштап эрежелерди так коюшу жана класста кимдин орду кайсы жерде экендигин так белгилеши керек. Ошол эле мезгилде окуучуларга да бир аз эркиндик үчүн мүмкүнчүлүк бериши жакшы болот жана ал кандай болоорун ар бир мугалим өзү аныктайт. Жогорудагылар мугалим кандай атмосферада жана стилде иштегендигинен көз каранды болот. Мугалим ар бир сабакка жөн гана материалды айтып берүү үчүн эмес, окуучуларга бир нерсе үйрөтүү үчүн келиши керек. Мугалимдер да кээде окуучулардан көп нерсени үйрөнсө болот, ар бир окуучуга көңүл коюп угуп, байкап жана ар бир окуучуну изилдөө менен ар бир окуучуга индивидуалдуу мамиле кыла билүүгө жетишүү менен жогорку көрсөткүчтөргө умтулса болот.

Сабак берүү же окутуу – чоң искусство, ал искусствого өмүр бою умтулушат. Жаш мугалим ишмердүүлүгүнүн башында жаңыдан гана бул искусство менен таанышып жаткан кез болот. Ал бардыгын үйрөнгөнгө аракет кылат жана ошону менен бирге бардыгы өз колунда экендигин сезиши керек. Мугалимдин чеберчилиги ар бир окуучу менен пикир алмашуу учурунда калыптанат. «Убакыт өткөндөн кийин мен дагы тажрыйбалуу мугалим болуп, балдарга жакшы билим бере баштайм» деген ойго жаш педагогду улуу мугалимдер түртүшөт, жана бардыгы алдыда, азыр жашсың деген ойлор ушул жактан келип чыгат. Чындыгында жаш мугалим дагы окуучуларды тарбиялоого кудурети жетет. Тажрыйба топтоо менен ал жөн гана ошол сапаттарын жакшыртат.

Жакшы педагог деген көрсөткүчтүн эң башкысы мурда да, азыркы мезгилде да мектепке жана окуучуларга болгон сүйүү болуп эсептелет. Ошону менен бирге чыныгы мугалимде ишеним деген сезим болушу керек, окуучуларга ишенүү, жаман окуган окуучуну да жакшы окутууга ишенүү жана бардык жакшы нерселерге болгон ишенүү болуусу керек. Балдар биздин келечегибиз, келечек ачык жана жарык болушу үчүн окуучуларды жакшы нерселерге умтулууга үйрөтүү абзел.

Жыйынтыктап айтканда мектептин босогосун аттаган жаш педагогду көптөгөн сыноолор жана кыйынчылыктар күтөт. Бирок ошол кыйынчылыктарды жеңүү биринчи мезгилде мугалимдин өзүнөн, экинчи ирээтте тажрыйбалуу мугалимдердин кеңештери жана жардамдарынан көз каранды. Ар кандай ишмердүүлүктү баштаган учурда кандай да болбосун кыйынчылыктар кездешпей койбойт, жөн гана ошол сферага адаптациялануу мезгилин ийгиликтүү уюштуруу зарыл.

Пайдаланылган адабияттар:

1. Абдулина О. А. Общепедагогическая подготовка учителя в системе высшего педагогического образования. – М., 1989.
*2. Маклаков А. Г.* Личностный адаптационный потенциал: его мобилизация и прогнозирование в экстремальных условиях // Психологический журнал. Т. 22. 2001. №1.
*3. Посохова С. Т.* Психология адаптируюңейся личности: монография. СПб., 2001.
4. Профессиональная деятельность молодого учителя. /под ред. С.Г.Вершловского, Л.Н. Лесохиной. – М., 1982
5. Бабанский Ю. К. Педагогическая наука и творчество учителя. //Советская педагогика–1987.– № 2.